

БУУӨП/ГЭФ ДОЛБООРУ

# Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги **БИОАРТҮРДҮҮЛҮГҮН** жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ КУРЧАП ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО ЖАНА ТОКОЙ ЧАРБАСЫ МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ (Мамагенттик) аткаруу бийлигинин курчап турган чөйрөнү коргоо, экологиялык коопсуздукту камсыздоо жана жаратылышты пайдалануу, ошондой эле аңчылык, егерлик чарбасы жана токой чарбасы менен өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын башкаруу жагында саясатты жүргүзүүчү жана ишке ашыруучу мамлекеттик орган болуп саналат. Агенттиктин максаты - Кыргыз Республикасынын уникалдуу экосистемасын сактап калууну камсыздоо, азыркы жана келечектеги муундар үчүн айлана-чөйрөнү коргоо.
www.ecology.gov.kg

ГЛОБАЛДЫК ЭКОЛОГИЯЛЫК ФОНД (ГЭФ) – эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар, ошондой эле жеке сектор менен өнөктөштүктө аракеттенүү аркылуу глобалдык экологиялык көйгөйлөрдү чечүү үчүн 184 өлкөнүн өкмөттөрүн бириктирип турат. Бүгүнкү күндө ГЭФ курчап турган чөйрөнүн абалын жакшыртууга багытталган долбоорлорду каржылоонун ири булагы болуп саналат. Көз карандысыз каржы уюму болуп саналуу менен ГЭФ биоартүрдүүлүк, климаттын өзгөрүшү, эл аралык суулар, жердин деградациясы, озон катмары жана туруктуу органикалык булгагычтар тематикасы боюнча долбоорлорду жүзөгө ашыруу үчүн гранттарды берет. 1992-жылдан баштап ГЭФ өнүгүп жаткан өлкөлөрдү жана өткөөл экономикасы бар өлкөлөрдү колдоо жагында зор ийгиликтерге жетишти. Ал $20,5 млрд. грант берип жана 170тен ашык өлкөлөрдө 4800 ашык долборлорду чогуу каржылоого $112 млрд. тарткан.
www.thegef.org

БУУнун ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ (БУУӨП) бардык деңгээлдерде кризиске каршы турууга жөндөмдүү коомду курууга, ошондой эле ар бир адамдын жашоо-турмушунун сапатын жакшырта турган экономикалык өсүш деңгээлин башкарууга жана колдоого жардам берүү аркылуу адамдар менен тыгыз кызматташат. 193 өлкөдө орун алуу менен биз жаңы мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө жана турмушка жөндөмдүү улутту курууга жардам берүү үчүн глобалдык келечектерди жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү терең түшүнүүнү сунуш кыла алабыз.
www.undp.org

*Бул басылма БУУӨП/ГЭФ «Туруктуу жашоо шарттарын колдоо үчүн Батыш Тянь-Шань тоо экосистемасынын глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүгүн жана аны менен байланышкан жер жана токой ресурстарын сактоо» долбоорунун колдоосу менен жарыкка чыкты.*

*Бул басылмада берилген ойлор БУУнун, БУУнун Өнүктүрүү программасынын, анын программа/долбоорлорунун же өкмөттөрдүн көз караштарын чагылдырууга тийиш эмес. Колдонулган белгилөөлөр кандайдыр бир өлкөнүн, территориянын же аймактын же алардын чек араларынын укуктук статусуна тиешелүү көз караштарды чагылдырбайт.*

# БУУӨП/ГЭФ ДОЛБООРУ

**ДОЛБООРДУ ИШКЕ АШЫРУУ МЕЗГИЛИ:**
2017 – 2021

**АТКАРУУЧУ ӨНӨКТӨШТӨР:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги

Ак илбирсти жана экосистемаларды сактап калуу боюнча Глобалдык программанын катчылыгы

**ИШКЕ АШЫРЫП ЖАТКАН АГЕНТТИК:**
Кыргыз Республикасындагы БУУнун Өнүктүрүү программасы

**ДОНОР:**
Глобалдык экологиялык фонд

**МАКСАТТУУ ЖАМААТТАР:**
Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо жана Токтогул райондорунун Атай, Чолпон-Ата, Көк-Ирим жана Кызыл-Өзгөрүш айыл аймактары

# БАТЫШ ТЯНЬ-ШАНЬ

**400**
**жаныбардын түрү**

алардын ичинен
**27си**
**жоголуп кетүүнүн чегинде**

**2 500** **өсүмдүктүн түрү**

**12%** **эндемиктер**

**54** **түрү Кызыл китепке киргизилген**

Батыш Тянь-Шань жогорку деңгээлдеги эндемизмге жана флора жана фаунага бай экендиги менен айырмаланат.

**ЮНЕСКОнун Бүткүл дүйнөлүк мурастарынын тизмесине** кирет

**Биоартүрдүүлүктүн 34 глобалдык Кызуу түйүндөрүнүн бири** болуп саналат (Biodiversity Hotspots)



Бүткүл дүйнөлүк жапайы жаратылыш фондунун (WWF) версиясы боюнча **дүйнөлүк экорегиондордун Global 200 рейтингине** киргизилген

# ДОЛБООР ЖӨНҮНДӨ

## ДОЛБООРДУН МАКСАТЫ

Глобалдык маанидеги биоартүрдүүлүктү сактоодо ландшафттык мамилени илгерилетүү жана Батыш Тянь-Шандын тоолорунда жер жана токой ресурстарын туруктуу башкарууну камсыз кылуу.

## ДОЛБООРДУН КОМПОНЕНТТЕРИ

**01** Батыш Тянь-Шандын ландшафтынын ичиндеги биоартүрдүүлүктүн маанилүү тилкелерин сактоо жана туруктуу башкаруу

**02** Батыш Тянь-Шанда жер иштетүүнү жана буфердик аймактардагы жана экологиялык коридорлордогу токойлорду пайдаланууну жөнгө салуу, ошондой эле жергиликтүү жамааттардын туруктуу кирешелерин колдоо аркылуу экосистеманын туруктуулугун жана жаныбарлар байырлаган жерлердин биригүүсүн жакшыртуу

**03** Кыргызстандын ак илбирсти жана анын экосистемасын коргоо боюнча аймактык жана глобалдык кызматташуусун илгерилетүү

01

# БИОАРТҮРДҮҮЛҮКТҮ САКТОО ЖАНА ТУРУКТУУ ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР






## #ЭкоБилимБерүү

2017-жылдан тарта жыл сайын Токтогул жана Тогуз-Торо райондорунда балдар, жаштар, егерлер жана жергиликтүү өнөктөштөрдүн катышуусунда **“Парктар жүрүшү» аттуу экологиялык акция** өткөрүлүп жатат. Акциянын жүрүшүндө бак-дарактар отургузулуп, коомдук аянтчалар тазаланып, мектептерде экологиялык викториналар жана лекциялар, ошондой эле калкка экологиялык агартуу жана аларды ӨКЖА (өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары) биоартүрдүүлүгүн сактоого чакыруу максатында маданий-массалык иш-чаралар өткөрүлөт.



**#Өнөктөштүк**

2020-жылдын 21-сентябрында Бишкекте БУУӨП/ГЭФ долбоорунун колдоосу астында БУУнун Башкы Ассамблеясынын «Жаратылыш чек арага карабайт: Трансчекаралык кызматташуу – биоартүрдүүлүктү сактоо жана пайдалануудагы маанилүү фактор» аттуу 75-сессиясынын резолюция долбоорунун Улуттук бет ачары болуп өттү.



Кыргыз Республикасы тарабынан киргизилген ушул резолюция долбоору курчап турган чөйрөнү коргоо, биоартүрдүүлүктү сактоо жана экологиялык коопсуздукту камсыздоо боюнча биргелешкен шашылыш чараларды кабыл алууга багытталган.



## #СИТЕС

БУУӨП/ГЭФ долбоору СИТЕС конвенциясына кирген сейрек кездешүүчү жана жок болуп бара жаткан жаныбарларды мыйзамсыз ташууга бөгөт коюуга көмөктөшүү үчүн «Манас» аба майданынын аймагында бажыкана-нын кызматтык иттери үчүн атайын капастын курулушун колдоду.





## #Искусство

2018-жылы Жалал-Абад облусунун бардык орто мектептеринде Кыргыз ССРинин Эл артисти Ж. Сейдакматованын жетекчилиги астында ак илбирсти сактап калуу боюнча балдардын катышуусундагы **театралдаштырылган оюндар** уюштурулган.






## #АкИлбирстиСактайлы

**Бүткүл дүйнөлүк ак илбирсти коргоо күнүнүн** урматына долбоордун алкагында Тогуз-Торо, Токтогул райондорунда ак илбирстин республикалык Кубогуна хоккей боюнча турнирлер, экологиялык көргөзмөлөр, экодебаттар уюштурулуп, Тогуз-Торо, Токтогул райондорунун жана Бишкек шаарынын балдарынын жана жаштарынын катышуусунда Ч. Айтматовдун чыгармаларынын негизинде коюлган «Сур-Эчки» спектакли жана ар кандай экологиялык акциялар өткөрүлүүдө.

### #Тазалык

2019-жылы **Бүткүл дүйнөлүк айлана-чөйрөнү коргоо күнүнүн** алкагында «Алатай» мамлекеттик жаратылыш паркындагы (МЖП) Кара-Суу көлүнүн акваториясында ыктыярчыларды жана егерлерди тартуу менен жээктеги аймактарды тазалоо боюнча экологиялык акция өткөрүлдү, анын жыйынтыгы боюнча көп жылдан бери топтолгон 15 тоннадан ашык таштанды тазаланган.



### #Илим

2019-жылы **Эл аралык биоартүрдүүлүк күнүнө** карата БУУӨП жана Мамагенттик биргелешип «Сары-Челек» мамлекеттик биосфералык коругу (МБК) ЮНЕСКОнун бүткүл дүйнөлүк биосфералык резерваттарынын тармагына киргендигине 20 жыл толгондугунун жана түзүлгөндүгүнүн 40 жылдыгынын урматына «ӨКЖА тармагын башкаруу жана өнүктүрүүдөгү илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн ролу» аттуу илимий-тажрыйбалык конференция өткөрүштү. Конференцияга Россия, Кыргызстандын илимий чөйрөсүнүн өкүлдөрү жана өлкөнүн ӨКЖА жетекчилери катышты.





**#Экотуризм**

2019-жылы БУУӨП жана Мамагенттик **Батыш Тянь-Шандын орнитофаунасын изилдөөнү** жана кушкароону «Алатай» жана «Кан-Ачуу» МЖПсындагы экотуризмдин келечектүү багыты катары өнүктүрүү жана Бишкек ш., Токтогул жана Тогуз-Торо райондорунун мектептеринин **окуучуларын экологиялык агартуу** (фото көргөзмөлөр, орто мектептердеги маалыматтык стенддер, кооз сүрөттүү маалыматтык китепчелер) боюнча бир катар иш-чараларды демилгелешти жана ишке ашырышты. Кушкароочулар тобунун экспедициясынын жыйынтыгы боюнча илимий-таанып билүү туризмин өнүктүрүү жана канаттууларга байкоо жүргүзүү үчүн кароочу аянтчаларды куруу боюнча жаратылыш парктарына сунуштар иштелип чыкты.




**#ЭкоБилимБерүү**

Эл аралык биоартүрдүүлүк күнүнүн алкагында Мамагенттиктин Биоартүрдүүлүктү сактоо жана өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарын коргоо департаменти Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте жыл сайын **мектеп окуучуларынын арасында** «Мен жашаган аймактын жаратылышын коргоодогу менин изилдөөлөрүм» темасында жалпы **республикалык конкурс** өткөрүп турат, анын жүрүшүндө катышуучулар биоартүрдүүлүктү сактоо көйгөйлөрү боюнча өздөрүнүн ой-пикирлери менен бөлүшөт.



### #АкИлбирстиСактайлы

2018-жылы ак илбирстин образы **Бүткүл дүйнөлүк Үчүнчү көчмөндөр оюндарынын** тумары деп таанылган, анын алкагында «Кырчын» аймагында жана Чолпон-Ата ш. Мамагенттик менен биргеликте ак илбирсти жана биоартүрдүүлүктү сактоого чакырган интерактивдер, көргөзмөлөр, маалыматтык акциялар жана видеокөрсөтүүлөр жасалды.



## #Мода

2018-жылы ак илбирсти сактоо маселесине коомдун көңүлүн буруу максатында «Мени сакта» аттуу ак илбирстин образындагы **балдар кийимдеринин жаңы коллекциясы** жарыкка чыкты.





## #Спорт

Ак илбирс Кыргызстандын **хоккей боюнча улуттук курама командасынын тумары** болду, ал **«Ак илбирстерди биргеликте сактайбыз!»** ураанын астында бир катар улуттук жана эл аралык турнирлерге катышууда, ошону менен бирге жаш спортчуларды ак илбирсти коргоочулардын катарына тартууга көмөк көрсөтүүдө.






02

# ӨЗГӨЧӨ КОРГОЛУУЧУ ЖАРАТЫЛЫШ АЙМАКТАРЫН ЖАНА ТОКОЙ ЧАРБАЛАРЫН КОЛДОО



## #Диалог

«Алатай» жана «Кан-Ачуу» МЖПларында Токтогул районунун Кызыл-Өзгөрүш жана Чолпон-Ата айыл аймактарынын жана Тогуз-Торо районунун Атай жана Көк-Ирим айыл аймактарынын жашоочуларынын ичинен шайланган **Байкоочу кеңештер (БК)** иштейт. Байкоочу кеңештер МЖП жана жергиликтүү жамааттардын ортосунда ачык кызматташуу үчүн сүйлөшүү аянтчаларын түзүшөт. «Алатай» МЖП БК курамында 9 адам бар, алардын ичинен 4 – аял, жана «Кан-Ачуу» МЖП – 11 адам, алардын ичинен 4 – аял.




## #Эффективдүүлүк


Долбоордун алкагында жаңы "ӨКЖАнын жаратылышты коргоо эффективдүүлүгүн баалоо усулун» (METT) Мамагенттиктин буйругу менен бекитүүгө көмөк көрсөтүлдү. Усулду WWF иштеп чыккан. Ал долбоордун алкагында Кыргызстанда колдонуу үчүн ыңгайлаштырылды. Батыш Тянь-Шань ӨКЖА өкүлдөрү окутуудан өтүштү, эми алар жаратылышты коргоо баалуулуктарына, ӨКЖАнын маанилүүлүгүнө жана эффективдүүлүгүнө өз алдынча баа беришет.



Баштапкы маалыматтарды аныктоо үчүн ӨКЖА башкаруунун эффективдүүлүгүнө МЕТТ ыкмасы боюнча баалоо жүргүзүлгөн, ал «Кан-Ачуу» МЖПсы боюнча – 21%, «Алатай» МЖП – 23%ды түздү. Бул көрсөткүчтөрдү 50%дан жогорку көрсөткүчкө жеткирүү БУУӨП/ГЭФ долбоорунун башкы милдеттеринин бири болуп саналат.




**2019-жылы Батыш Тянь-Шандын ӨКЖАсындагы башкаруунун эффективдүүлүгүнө баалоо жүргүзүлгөн**




Башкаруунун эффективдүүлүгүн баалоо учурунда ӨКЖАны башкаруудагы тобокелчиликтер жана коркунучтар аныкталып, ошондой эле башкаруунун эффективдүүлүгүн жакшыртуу боюнча сунуштар берилди.

**ӨКЖА үчүн төмөндөгү нускамалар жана сунуштар иштелип чыкты**

- каржылык пландоо боюнча
- бюджетти башкаруу боюнча
- каржылык мониторинг боюнча
- ӨКЖАга келип түшкөн каражаттарды көбөйтүү үчүн көзөмөлдөө жана отчеттуулук боюнча

## #Коопсуздук

«Кан-Ачуу» жана «Алатай» МЖП, ошондой эле Тогуз-Торо жана Токтогул райондорунун токой чарбалары үчүн токой өрттөрүнө каршы даярдыкты жогорулатуу жана ага бөгөт коюу максатында өрткө каршы колдонулуучу сумкалар жана алгачкы жардам көрсөтүүчү медициналык аптечкалар берилди.




## #ТокойЖайгаштыруу

Мамагенттиктин алдындагы «Кыргыз токой аңчылык жайгаштыруу» мамлекеттик мекемеси (ММ) үчүн «ӨКЖА токой аңчылыгын түзүүнү жүргүзүү усулу» иштелип чыгып, бекитилген. Жаңы усулду пайдалануу аркылуу токой жайгаштыруу иштеринин жыйынтыгы боюнча «Кан-Ачуу» жана «Алатай» МЖПларынын бүт аймактарын камтыган ӨКЖАнын 4 328 тилкеси аныкталган. Мындан тышкары 240 чакырым узундуктагы «Кан-Ачуу» МЖПсынын тышкы жана ички чек аралары аныкталды.



## #Ыктыярчылар







«Кан-Ачуу» жана "Алатай» МЖПларынын долбоордук ӨКЖАларда биргелешкен көзөмөлдөөчү топтор (БКТ) түзүлүп, ага штаттан тышкаркы 20 егерь кирген, алардын ичинен 3 аялдар. Топтор жаратылышты коргоо мыйзамдарынын талаптарына, айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы эреже жана ченемдердин сакталышына жана жергиликтүү калк тарабынан жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдаланууга көзөмөлдү жакшыртуу, ошондой эле «Кан-Ачуу» жана «Алатай» МЖПларынын кызматкерлерине жана егерлерине биоартүрдүүлүктү сактоо үчүн көмөк көрсөтүү максатында түзүлгөн. БКТ мүчөлөрү үчүн көзөмөлдөө жана мыйзамдарды колдонуу системасы боюнча семинарлар уюштурулган.

## #Жабдуу



«Кан-Ачуу» жана «Алатай» МЖПларындагы биргелешип көзөмөл жүргүзүү топтору коммуникация каражаттары, атайын кийим-кече, оптика, фотокапкан, экспедициялык жабдуулар жана аттар менен жабдылган.





## #Жабдуу

«Кан-Ачуу» жана «Алатай» МЖПларынын администрацияларына жаңы жол тандабастар, оргтехника жана кеңсе жабдуулары берилди.






## #Мониторинг

«Кан-Ачуу» жана «Алатай» МЖПларынын аймактарына фотокапкандар орнотулуп, егерлер аны колдонууга окутулду.





## #Илим

«Алатай» МЖПсы Кара-Суу көлүнүн ихтиофаунасына илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жана балыкка браконьерлик кылган адамдар менен күрөшүү үчүн мотордуу кайык алды.

# 03

# ОКУТУУ ЖАНА ТАЖРЫЙБА АЛМАШУУ



**#ТажрыйбаАлмашуу**



2018-жылы Батыш Тянь-Шандын ӨКЖА өкүлдөрү үчүн “Хан-Теңири» МЖПсынын аймагында Борбордук Тянь-Шандагы ӨКЖАны башкаруу боюнча БУУӨП/ГЭФтин аягына чыккан долбоорунун жыйынтыгы менен таанышуу максатында стади-тур уюштурулган. Катышуучулар долбоорду ишке ашыруудагы жакшы тажрыйбалар менен таанышышып, «Хан-Теңири» МЖПсынын жасаган иши жана Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун чакан бизнес ишканалары менен таанышып чыгышты.



2019-жылы жайыт комитеттеринин өкүлдөрү үчүн Өзбекстандан келген делегация менен биргеликте Суусамыр өрөөнүнө эки күндүк тааныштыруучу тур уюштурулуп, ал жерде аларга «Электрондук жайыт комитети» системасынын иши көрсөтүлгөн.

**#ЖБЖТ**

Мамагенттиктин өкүлдөрү жаратылышты коргоо баалуулугу жогору токойлордун (ЖБЖТ) концепциясын ийгиликтүү колдонууда Италия жана Швейцариянын жетишкендиктери менен таанышышты.




**#Өнөктөштүк**

2019-жылы Мамагенттик жана БУУӨП/ГЭФ долбоорунун өкүлдөрү россиялык жаратылышты коргоо ведомстволорунун жана коомдук уюмдардын иш тажрыйбасы менен, ошондой эле РФнын айрым ӨКЖАларынын ишмердүүлүгү менен таанышып чыгышты. Алар «Приокско-Террасный» коругунун иш тажрыйбасы менен таанышып, Бүткүл россиялык Курчап турган чөйрөнү коргоо илимий-изилдөө институтунун, Жаратылыш пайдалануу тармагындагы көзөмөлдөө боюнча федералдык кызматтын, РФ Жаратылыш ресурстары министрлигинин өкүлдөрү менен жолугушту. Жолугушуу учурунда ак илбирсти андан ары сактоо боюнча өз ара кызматташуу, браконьерлер менен күрөшүү жана өлкөлөр ортосунда маалыматтык алмашууну күчөтүү боюнча маселелер талкууланды.

## #Окутуу

Батыш Тянь-Шань ӨКЖА кызматкерлеринин
потенциалын жогорулатуу үчүн

**88**

**семинар, жолугушуу жана тренингдер**
өткөрүлдү

- дарыгерге чейинки алгачкы жардам көрсөтүү боюнча
- браконьерликке каршы ишмердүүлүк боюнча
- токой өрттөрү менен күрөшүү боюнча
- браконьерлерди кармоо учурунда коопсуздук техникасын сактоо боюнча
- пилоттук райондордогу жайыт пайдалануучулардын ортосунда өз ара аракеттенишүүнү кеңейтүү боюнча
- жапайы жаныбарларды эсептөө учурунда GPS-навигаторлорун колдонуу боюнча
- GPS-навигаторлорун колдонуу аркылуу туристтик каттамдарды иштеп чыгуу, андан ары Google Earth координаттар системасына киргизүү боюнча
- жайыт комитеттерин «Электрондук жайыт комитети» системасынын иштөө принциби менен тааныштыруу боюнча
- кызматкерлер жана штаттан тышкары егерлер үчүн жаратылышты коргоо мыйзамын бузуу учурларында документтерди толтуруу боюнча ж.б.

**5 656**
**адам**
катышты




Катышуучулардын ичинен
**2 446сы**
**аял**

**#Тренинг**

Батыш Тянь-Шань ӨКЖА кызматкерлеринин дараметин жогорулатуу үчүн 2020-жылы жаратылышты коргоо маселелеринин топтому боюнча бир катар тренингдер жана тажрыйба алмашуу сапарлары уюштурулган. «Алатай», «Кан-Ачуу», «Сары-Челек», «Падыша-Ата», «Дашман», «Беш-Арал» жана «Саймалуу-Таш» коруктарынын жана парктарынын өкүлдөрү ӨКЖА ишмердүүлүгүндө бүтүндөй бир катар багыттар боюнча даярдыктан өтүштү. Тренингдер Нарын, Ысык-Көл жана Жалал-Абад облустарынын ӨКЖАлары-нын аймактарына чыгуу менен өткөрүлдү.








#Тренинг



Тренингдер Мамагенттиктин БС жана ӨКЖА Департаменти жана CAMP Alatoo менен биргеликте уюштурулган жана жаратылыш парктарынын жана коруктарынын ишинин бардык маанилүү багыттарын камтыйт – биоартүрдүүлүктү сактоо, айлана-чөйрөнү коргоо, жаныбарларга жана өсүмдүктөргө мониторинг жүргүзүү жана эсептөө, жаратылышты коргоо мыйзамдары, карталар менен иштөө, флора жана фаунаны инвентаризациялоо.













## #Кызматташуу



2018-жылдан тарта жыл сайын СИТЕС Катчылыгы менен биргеликте Борбор Азия өлкөлөрүнөн келген өкүлдөрдүн катышуусунда СИТЕС конвенциясын ишке ашыруу маселелери боюнча семинарлар өткөрүлүп турат.

## #ТажрыйбаАлмашуу

2019-ж. Ысык-Көл жана Чүй облустарынын 10 жамаатынын катышуусу менен долбоордун пилоттук райондоруна тажрыйба алмашуу сапарлары болду, анын жүрүшүндө катышуучулар калкты мобилдештирүү жана микрогранттарды өздөштүрүү жаатында тажрыйба алмашты, ошондой эле экотуризмди өнүктүрүү жана чакан бизнести уюштуруу боюнча маалыматтар менен бөлүштү.

04

# ЖАЙЫТТАРДЫ ЖАНА ТОКОЙЛОРДУ БАШКАРУУНУ ЖАКШЫРТУУ



## #ТокойлордуКалыбынаКелтирүү



Токтогул, Тогуз-Торо жана Аксы райондорунун токой чарбаларынын аймагына 300 га ашык аянтка баалуу токой породалары отургузулду. Бул максаттар үчүн долбоор жергиликтүү жамааттардын ичинен 50 адамды тартып, убактылуу иш менен камсыз кылды. Жыйынтыгында 200 миңден ашык грек жаңгагынын, мистенин, карагайдын, кызыл карагайдын жана тянь-шань кызыл карагайынын көчөттөрү Батыш Тянь-Шандын токой фондун толуктады.



Токтогул, Тогуз-Торо жана Аксы райондорунун токой чарбалары жаңы отургузулган токойдун аймактарын бойлото тосмо тосуу үчүн материалдарды алышты. Ушул тапта жалпы 320 га аянтка тосмо орнотулду.

**#ЖайыттардыКалыбынаКелтирүү**



Деградацияланып бара жаткан жайыттарды калыбына келтирүү боюнча чаралардын алкагында пилоттук муниципалитеттер - Атай, Көк-Ирим, Кызыл-Өзгөрүш жана Чолпон-Ата айыл аймактары демонстрациялык тилкелерди уюштуруу үчүн материалдарды алышты, анда ошол аймактын геоботаникасын изилдөө пландаштырылууда.



2019-жылы Жайыт маселелери боюнча Координациялык кеңештин кезектеги 6-отуруму болуп өттү, анын жыйынтыгы боюнча бардык жайыт комитеттерине, анын ичинде пилоттук комитеттерге БУУӨП/ГЭФ долбоорунун алкагында жайыт пайдалануу боюнча иш-чараларды ишке ашырууда ар тараптан колдоо көрсөтүү сунушталды.



# 05


# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТАР ҮЧҮН АЛЬТЕРНАТИВДҮҮ КИРЕШЕЛЕР ПРОГРАММАСЫ




## #ЖергиликтүүӨнүгүү

I баскычы


2019-жылдын аягында Токтогул жана Тогуз-Торо райондорунун пилоттук айыл өкмөттөрүндө грант алууга долбоордук заявкаларды кабыл алуу боюнча **конкурстун 1-баскычы** жүргүзүлдү.





**23 долбоордук заявкалар** кабыл алынды

**9 долбоор** жактырылды



**3 217 569**

сом төмөндөгү багыттар боюнча долбоорлорду каржылоого бөлүндү:

- нан бышыруучу жай
- бал аарычылык
- багбанчылык
- тигүү цехи
- экотуризм
- күнөскана
- биогаз жабдуусу
- took фермасы

II баскычы

2020-жылдын февраль айында пилоттук айыл өкмөттөрүндө грант алууга долбоордук заявкаларды кабыл алуу боюнча **конкурстун 2-баскычы жарыяланып**, заявкаларды толтуруу жана бюджет түзүү боюнча тренингдер өткөрүлдү.

**120 адам** катышты

06

# ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОРГОО МЫЙЗАМДАРЫН ЖАНА БИОАРТҮРДҮҮЛҮКТҮ САКТОО БОЮНЧА АЙМАКТЫК ПЛАНДООНУ ЖАКШЫРТУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР



**#Мыйзамдар**

**Төмөндөгү ченемдик-укуктук документтердин иштелип чыгуусуна көмөк көрсөтүлдү:**

- Жаратылышты коргоонун эффективдүүлүгүн баалоо методикасы
- Токой жайгаштыруу жумуштарын жана биоартүрдүүлүктү эсепке алууну жүргүзүү методикасы
- 2018–2022-жж. карата ак илбирсти сактоо боюнча иш-аракеттер планы
- Каражаттардын келип түшүүсүн көбөйтүү үчүн каржылык пландоо жана бюджетти башкаруу боюнча нускамалар жана сунуштар




Жок болуп бара жаткан фаунанын түрлөрүн сактап калуу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү максатында Чолпон-Ата айылдык кеңеши 2019-жылдын 4-декабрында «Жаратылышты зоологиялык, геологиялык коргоо максатында кумайды сактоо жана Чолпон-Ата айылындагы тоо жергесин коргоону камтыган аймактарды түзүү жөнүндө» №110 токтомун кабыл алды.



**#БиоартүрдүүлүктүСактоо**


2019-жылы Токтогул жана Тогуз-Торо райондорунун 2018 – 2023-жылдарга карата Аймактык өнүктүрүү планына биоартүрдүүлүктү сактоого жана жер жана токой ресурстарын туруктуу башкарууга багытталган кошумча иш-чаралар киргизилген. Жалпысынан 39га жакын пункт киргизилген.



## #Алатай








#Алатай











## #Кан-Ачуу









## #Кан-Ачуу













## #ТокойЧарбалары










**#ТокойЧарбалары**







## #ТокойЧарбалары










**#БатышТяньШандынБиоартүрдүүлүгү**
















Scan with ARLOOPA
BIOFIN
THE BIODIVERSITY FINANCE INITIATIVE
UNDP
Полноправные люди.
Устойчивые страны.
1. DOWNLOAD ARLOOPA
2. FILL SCREEN WITH MARKER
3. TAKE PHOTO WITH SNOW LEOPARD
4. SHARE PHOTO USING #...& #... HASHTAGS
100% 10:48 am
Download on the App Store
GET IT ON Google Play

# ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ

1 ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫ ЖОЮУ
2 АЧКАЧЫЛЫКТЫ ЖЕҢҮҮ
3 ЧЫҢ ДЕН СООЛУК
4 САПАТТУУ БИЛИМ
5 ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК
6 ТАЗА СУУ ЖАНА САНИТАРИЯ
7 АРЗАН ЖАНА ТАЗА ЭНЕРГИЯ
8 ЖАКШЫ ЖУМУШ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮҮ
9 ИНДУСТРИЯ, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ИНФРАСТРУКТУРА
10 ТЕҢСИЗДИКТИ АЗАЙТУУ
11 ТУРУКТУУ ШААРЛАР ЖАНА ЖАМААТТАР
12 ЖООПКЕРЧИЛИКТҮҮ КЕРЕКТӨӨ ЖАНА ӨНДҮРҮҮ
13 КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮ МЕНЕН КҮРӨШ
14 СУУНУН АСТЫНДАГЫ ЖАШОО
15 ЖЕРДИН ҮСТҮНДӨГҮ ЖАШОО
16 ТЫНЧТЫК ЖАНА АКЫЙКАТТЫК
17 ЖАЛПЫ МАКСАТТАР ҮЧҮН ӨНӨКТӨШТҮК

ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТТАРЫ


**Кыргыз Республикасындагы**
**БУУнун Өнүктүрүү программасы**

720000, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Чүй проспектиси, 160

+996 312 61 12 11

www.kg.undp.org

@undpkg

@undpkg

@undpkg_kyrgyz_republic